УДК: 81: 9-05

Койлубаева А. К., филол. илимд. канд., доцент
К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан

## ИЛИМГЕ АРНАЛГАН ӨМҮР

*Макалада көрүнүктүү окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Ж. Осмонованын өмүрүнүн урунттуу мезгилдери, илимий-педагогикалык ишмердиги жана кыргыз тил илиминин лексикология, лексикография боюнча эмгектери, фразеологизмдердин семантикалык мүнөздөмөсү, негизги топтору жана грамматикалык табияты боюнча маалымат берилет.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *өмүр жолу, илим, фразеология, кыргыз тилиндеги фразеологизмдер, сөздүктөр.*

Койлубаева А. К., канд. филол. наук, доцент
ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан

## ЖИЗНЬ, ПОСВЯШЕННАЯ НАУКЕ

*В статье представлены основные моменты жизни выдаюшегося ученого, доктора филологических наук, профессора Ж.Осмоновой, ее научно-педагогическая деятельность, а также представлены ее труды по лексикологии кыргызского языкознания, лексикографии, семантическое описание фразеологизмов, дана информация по их основным группам и грамматической характеристике.*

***Ключевые слова:*** *жизненный путь, наука, фразеология, фразеологизмы кыргызского языка, словари.*

Koilubaeva A. K., candidat of philological sciences, associate professor,
K. Tynystanov Issyk-Kul University, Kyrgyzstan

## LIFE DEDICATED TO SCIENCE

*The article presents the highlights of the lift of an outstanding scientist, Doctor of philology, professor Sh. Osmonova, her scientific and pedagogical activities and the lexicology of Kyrgyz linguistics, lexicography, semantic description of phraseological units, provides information on the main groups and grammatical nature.*

***Key word:*** *life path, science, dictionaries and phraseological units in Kyrgys linguistics.*

Залкар тилчи-окумуштуулардын из салып кеткен иштерин улап, жолун жолдогон белгилүү илимпоздордун катарынан орун алган филология илимдеринин доктору, профессор Жүсакан Осмонова эжебиз кыргыз тил илиминин тарыхында өзгөчө орунда турат. Ал 1930-жылы Ысык-Көл областынын Ак-Суу районундагы Шапак айылында туулган. Айылдагы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Каракол шаарындагы мугалимдер институтуна тапшырып, аны 1947-жылы ийгиликтүү аяктаган. Эмгек жолун Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө жети жылдык мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1954-59-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуп, аны бүтүргөндөн кийин, 1959-1995-жылдары Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда ага лаборант, кенже илимий кызматкер, ага илимий кызматкер жана бөлүм башчы болуп эмгектенген. 1970-жылы академик Б. Орузбаеванын жетекчилиги менен “Кыргыз тилиндеги идиомалар” деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 1995-жылы К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетине

которулуп, кыргыз тил илими кафедрасында ага окутуучу, кафедра башчысы жана доценттик кызмат орундарын аркалаган. 2008-жылы “Кыргыз тилинин фразеологиясы” деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

Осмонова Жүсөкан республикабыздын илимий коомчулугуна лексикология, айрыкча, лексикография жана фразеология боюнча белгилүү окумуштуу, бир канча сөздүктөрдүн жана окуу китептеринин автору катары таанылган. Тагыраак айтканда анын 2 монографиясы, 7 сөздүгү (авторлош) жарык көргөн.

Биздин терең ишенимибизде, кыргыз тилинин калыптанышына кошкон Эжебиздин салымы абдан зор жана кыргыз тилинин фразеологиясы боюнча эмгектери тил илиминдеги түптүү изилдөөлөрдөн болуп саналат. Бул эмгектер эне тилдин, улуттук маданияттын өсүшүнө фундамент болуп бере турган улуу саамалык бойдон кала берет деп ойлойбуз.

Самак Давлетов агай экөө белгилүү залкар окумуштуулар, түркологдор, академиктер К. К. Юдахин, Б. М. Юнусалиев, К. К. Сартбаев, Х. Карасаев, Б. Ө. Орузбаева ж. б. менен бирге эмгектенип, таалим-тарбиясын алып, үзөңүлөш иштеген. Алар менен бирге нечен миңдеген жогорку билимдүү филолог адистерди, тилчилер менен адабиятчыларды жана ошондой эле ондогон илимий кадрларды даярдоодо кужурмөндүк салымын кошуп келишкен. Самак агайдын калтырган мурастарын терең үйрөнүп, анын жашаган өмүрү жана ишмердүүлүгү кийинки муундарга үлгү болуп калсын үчүн Жүсакан эжебиз агайдын өлбөс-өчпөс илимий-методикалык эмгектерин, кол жазмаларын биринин артынан бирин чыгарганынын өзү эле эмне деген эрдик! Жарык көргөн бул эмгектери менен таанышканда эле анын ар бир күнү чыгармачылыктын түмөн түйшүгү менен өткөндүгүн баамдасак болот.

Залкар эжебиздин илимий кызыкчылыгы, илимий багыты кыргыз тилиндеги фразеологизмдер менен тыгыз байланыштуу экендигин биз жакшы билебиз. Бул багыттагы эмгектерин барактап отуруп биз ар бир маселеге олуттуу мамиле жасап, материалдарды тынбай иликтеп, кеңири анализдеп, салыштырып, аларды жеткиликтүү факты-материалдар менен жабдып, далилдеп, илимий жактан туура, так аныктамаларды жана жыйынтыктарды бергенине ынанабыз. Ал ошону менен гана чектелбестен, улам кийинки эмгектеринде ал материалдарды дагы толуктап, илимий жактан байытып, тереңдетип иштеп отурган таланттуу окумуштуу экенине күбө болобуз. Тагыраак айтканда, фразеологизмдердин лингвистикалык табиятын ачып, семантикалык мүнөздөмөсүн берип, сөз түркүмдөрүнө карата карым-катышын иликтеп, фразеологиялык сөздүктөрдү жетишерлик факты-материалдар менен жабдып бере алган. Эмгекте фразеологиялык бирдиктердин негизги касиеттери, көлөмү белгиленүү менен, фразеологизмдердин өзүнө жакын турган башка туруктуу сөз айкаштарынан болгон айырмасы көрсөтүлөт. Ошондой эле фразеологизмдердин семантикалык мүнөздөмөсү, негизги топтору, алардын бир түрдөн экинчи түргө өтүшү, синтаксистик жактан аткарган милдеттери кеңири талдоого алынат. Эженин “Кыргыз тилинин фразеологиясы” деген бул эмгеги бүгүнкү күндө да окутуучулардын, студенттердин, аспиранттардын жана магистранттардын колунан түшпөгөн окуу китеби катарында колдонулуп келе жатат.

Жалпысынан, Ж. Осмонованын жана ошол муундун өкүлдөрүнүн кыргыз элинин маданиятын, каада-салтын, илим-билимин өнүктүрүүгө кошкон салымы эбегейсиз деп ишенимдүү айта алабыз. Бүгүн биз Эжебизди элдин жана мамлекеттин алдында өз милдеттерин мыкты аткарган, калк алдында жүзү жарык инсан деп айтсак, эч жаңылышпайбыз.

Эмгектин акыбети кайтып, илимде ийне менен кудук казган мээнети бааланып, Билим берүүнүн отличниги төш белгиси (1999), Билим, илим жана маданият министрлигинин Ардак грамотасы (2008), Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы (2009), Айтматов Академиясынын ардактуу академиги (2021), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Илимдин мыктысы” (2021) төш белгиси ж. б. менен сыйланган.

Мээнет менен кылган эмгектин үзүрүн көрүп, Эжебиз бүгүнкү күндө да студенттер менен аспиранттарга кеп-кеңешин айтып, биз менен бирге эмгектенип келет. Профессор Ж. Осмонова азыркы күндө да илимий өндүрүштөн алыстабай, кыргыз тил илими боюнча магистрдик, кандидаттык, докторлук диссертацияларга жана дипломдук иштерге өзүнүн илимий-теориялык жактан терең мазмундуу кеңешин жана пикирин берүү менен, студенттерге адеп, ахлак жана баалуулуктар боюнча лекцияларын окуйт. Эженин биздин куттуу окуу жайыбызда эмгектенип турушунун өзү эле биздин окуу жайдын илимий-педагогикалык деңгээлинин жогорку бийиктигин белгилеп, муундардын арасын бириктирип, туура багыт берип турган касиетке ээ.

Мына бүгүн Жүсөкан эжебиз сан бутактуу саябан дарактай тамыр жайып, мөмө байлап турат. 3 кыз, 2 уулду тарбиялап өстүргөн. Алар: Чынара – биология илимдеринин кандидаты, профессор; Салык, Динара, Гүлнара кесиби боюнча экономист; Муктар орус-кыргыз-англис тилдеринде котормочу болуп эмгектенет. Айтор, кызы – Кырымда, уулу –Урумда болуп, небере-чөбөрөлөрү менен бир чоң үй-бүлө. Бир сөз менен айтканда, эл арасында Умай энедей урмат-сыйга, Каныкейдей кадыр-баркка ээ болуп турган учуру.

Сөзүбүздүн аягында, Эжебиздин бүгүнкү күнгө чейин талыкпай үзүрлүү иштеп, жазган асыл эмгектери, илимге арналган өрнөктүү өмүрү жана басып өткөн жолу биз үчүн дайыма үлгү болот деп ишенимдүү айта алабыз. Мезгил таразасынан өткөн сайын алардын баалуулугу улам билинип, түбөлүк эсибизде сактала берет.

**Адабияттар:**

1. Жапаров Ш. Кыргыз тилчилери. - Бишкек, 2004.
2. Окумуштуу-педагогдор С. Давлетов жана Ж. Осмонованын 80 жылдыгына арналган конференциянын материалдары. - Каракол, 2010.